**«БЕКИТЕМИН»**
Нарын педагогикалык колледжинин
педагогикалык кеңешинин төрагасы
_____________Султаналиев К.Ш
«___»______________2017-жыл.
протокол №_5_

## НАРЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН ОКУТУУНУН МОДУЛДУК-РЕЙТИНГДИК СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

1. Бул жобо НМУнун алдындагы Нарын педагогикалык колледжиндеги окутуунун модулдук-рейтингдик системасын колдонууну жөнгө салат.
2. Окутуунун модулдук-рейтингдик системасы дисциплиналардын мазмунун модулдарга ажыратып окутууну жана студенттердин окуу жетишкендиктерин рейтинг аркылуу баалоону талап кылат. Ар бир дисциплина (окуу предмети) бир семестрде эки модулга бөлүнөт да, ар бир модуль үчүн жетишүүнү баалоонун минималдык жана максималдык баллдары аныкталат.
3. Бир модуль ичиндеги студенттин топтогон жыйынтык көзөмөлүнүн (ЖРК) максималдуу мааниси-100 балл, минималдуу мааниси 60 балл. Жыйынтык рейтинг көзөмөл (ЖРК) студенттин учурдагы рейтинг көзөмөлдө (УРК), студенттин өз алдынча ишинин көзөмөлүндө (СӨИК) жана модулдук рейтинг көзөмөлдө (МРК) топтогон баллдарынын суммасынан турат.

1-таблица

| № | Көзөмөлдүн түрү | Минималдык балл | Максималдык балл |
|---|---|---|---|
| 1 | Учурдагы рейтинг көзөмөл (УРК) | 18 | 30 |
| 2 | Студенттин өз алдынча ишинин көзөмөлү (СӨИК) | 24 | 40 |
| 3 | Модулдук рейтинг көзөмөл (МРК) | 18 | 30 |
| 4 | Жыйынтык рейтинг көзөмөл (ЖРК) | 60 | 100 |

4. Предмет үчүн зарыл болгон баллдардын минималдуу саны 60тан кем эмес болуп, окуу программасында каралган бардык аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы иштердин баарын аткарууну талап кылат. Салттуу 5 баллдык баалоо шкаласын 100 баллдык баалоо шщкаласына которууда төмөнкү которуу шкаласы колдонулат.

| Баанын сөздүк аталышы | Салттуу баалоо шкаласы | Модулдук-рейтингдик системанын баалоо шкаласы |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| «Эн жакшы» | 5 | 86-100 балл |
| «Жакшы» | 4 | 76-85 балл |
| «Канааттандырарлык» (орто) | 3 | 60-75 балл |
| «Канааттандырарлык эмес» (начар) | 2 | 0-59 балл |

5. Ар бир сабакта мугалим студенттин билимин текшерип турууга милдеттүү. Студенттин сабак учурундагы активдүүлүгү (УРК) 30 баллга чейинки баллдар менен бааланат. Учурдагы рейтинг көзөмөл (УРК) группалык журналдагы 5 баллдык баалоону 30 баллдык баалоого которуу менен чыгарылат. Ал үчүн студент бир модулдук убакыттын ичинде төрт жолудан кем эмес суралып он баа (18-30) алышы керек. Ошондо гана студент топтогон баллдарынын орточосунан ТРК эсептелет.
6. Бир модулга студенттерге бирден кем эмес СӨИ берилет. СӨИнин темалары, варианттары жетишээрлик санда даярдалып, циклда талкууланып, бекитилиши керек жана ар бир модулдун 1-2-жумасында студенттерге толук бөлүштүрүлүп, таркатылып берилиши керек. СӨИнин жыйынтыктарын окутуучу трафик боюнча AVN программасындагы электрондук ведомостко коюшу керек. СӨИ боюнча студенттин топтогон баллын эсептөөдө төмөнкүдөй баалоо сунушталат:

- Студенттин мугалимден консультация алып турүусу-10 баллга чейин;
- СРСти реферат, доклад, слайд ж.б. түрүндө даярдоосу-10 баллга чейин;
- СРСти тапшыруудагы студенттин группанын алдында презентациялоосу (коргоосу)-15 баллга чейин;
- СРСти даярдоодогу студенттин активдүүлүгү-5 баллга чейин.

7. Мугалимдер окуу бөлүмү тарабынан бекитилген модулдун графиги боюнча модулдук көзөмөлдү өткөрүүгө милдеттүү. Модулдук көзөмөлдү өткөрүүнүн формасы ар бир дисциплинанын өзгөчөлүктөрүнө ылайык жазуу, оозеки же электрондук тест түрүндө болушу мүмкүн. Модулдук көзөмөлдүн формасы предметтик-циклдик комиссиянын отурумунда талкууланып, комиссиянын жазуу түрүндөгү чечими менен бекитилет.
8. Модулдук көзөмөлдүн жыйынтыгы AVN программасындагы электрондук ведомостко коюлат. Ар бир модулдун аягында окуу бөлүмү тарабынан электрондук ведомосттор кагаз түрүндө басып чыгарылып, окутуучунун колу коюлат да, окуу бөлүмүндө сакталат.
9. Модулдун жыйынтыгында канааттандырарлык эмес баа алган студенттер белгиленген мөөнөт ичинде ал дисциплинаны кайра тапшыра алышат. Кайра тапшыруунун жыйынтыктары AVN программасына түшүрүлөт.